Кылмыш иштери боюнча укуктук жардам жана
укуктук мамилелер жөнүндө Монголиянын
жана Кыргыз Республикасынын ортосундагы

КЕЛИШИМ

Мындан ары Тараптар деп аталуучу, Монголия жана Кыргыз Республикасы,

эки мамлекеттин ортосундагы достук мамилелерди андан ары өнүктүрүүнү каалагандыгынын жетекчиликке алышып,

ошондой эле кылмыш иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер тармагында өз ара кызматташтыкты тереңдетүүгө жана өркүндөтүүгө умтулушуп,

төмөнкүлөр тууралуу макулдашты

БИРИНЧИ БӨЛҮК
ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья
Укуктук коргоо

1. Макулдашуучу бир Тараптын граждандары Макулдашуучу экинчи Тараптын аймагында өзүнүн жеке жана мүлктүк укуктарына карата ошол Макулдашуучу Тараптын граждандары сыяктуу эле укуктук коргоодон пайдаланышат. Бул Макулдашуучу Тараптардын биринин мыйзамдарына ылайык түзүлгөн юридикалык жактарга да тиешелүү.

2. Макулдашуучу бир Тараптын граждандары Макулдашуучу экинчи Тараптын сотторуна, прокуратурасына, нотариалдык конторларына (мындан ары "юстиция мекемелери" деп аталуучу), компетенциясына чыгып кылмыш иштерине чыгып сүйлөө, ходатайство берүү, өз граждандарыныкындай шарттарда башка процессуалдык иштерди жүргүзүү кирген башка мекемелерге эркин жана тоскоолдуксуз кайрылуу укугуна ээ болот.

2-статья

Укуктук жардам

1. Макулдашуучу Тараптардын юстиция мекемелери ушул Келишимдин жоболоруна ылайык кылмыш иштери боюнча өз ара укуктук жардам көрсөтүшөт.

2. Юстиция мекемелери компетенциясына кылмыш иштери кирген башка мекемелерге да укуктук жардам көрсөтөт. Компетенциясына кылмыш иштери кирген башка мекемелер юстиция мекемелери аркылуу укуктук жардам тууралуу өтүнүч жиберишет.

3-статья

Укуктук жардамдын көлөмү

Укуктук жардам суроо-талап жиберилүүчү Макулдашуучу Тараптардын мыйзамдарында каралган процессуалдык иштерди, атап айтканда күнөөлүүлөрдү, соттолуучуларды суракка алууну, күбөлөрдү, эксперттерди, далилдерди өткөрүп берүүнү, кылмыштык куугунтуктоону козгоону жана кылмыш кылган адамдарды өткөрүп берүүнү, сот чечимдерин моюнга алууну жана аткарууну, документтерди тапшырууну жана жиберүүнү, күнөөлүү адамдын соттолгондугу тууралуу экинчи Тараптын өтүнүчү боюнча маалымат берүүнү камтыйт.

4-статья

Мамиленин тартиби

Укуктук жардам көрсөтүүдө Макулдашуучу Тараптардын мекемелери бири-бири менен Монголиянын Юстиция министрлиги менен Башкы прокуратурасы жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги, Башкы прокуратурасы, Сот департаменти аркылуу байланышат.

5-статья

Тили

Укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө өтүнүч суроо-талап жиберген Макулдашуучу Тараптын тилинде же болбосо орус тилинде түзүлөт.

6-статья

Документтерди толтуруу

Укуктук жардам көрсөтүү тартиби жөнүндө юстиция мекемелерине жана башка мекемелерге жиберилүүчү документтер гербдүү мөөр менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

7-статья

Укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө билдирүүнүн формасы

Укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө билдирүүлөр төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

1) суроо – талап жиберген мекеменин аталышы;

2) суроо – талап келген мекеменин аталышы;

3) укуктук жардам суралган иштин аталышы;

4) күнөөлүү, соттолуучу же соттолгон адамдардын аты – жөнү, алардын жарандуулугу, иштеген иши жана туруктуу жашаган жери же келген орду;

5) алардын ыйгарым укуктуу адамдарынын аты – жөнү жана дареги;

6) билдирүүнүн мазмуну, ал эми кылмыш иши боюнча жасалган кылмыштын иш жүзүндөгү кырдаалынын сүрөттөлүшү жана аны юридикалык жактан квалификациялоо;

7) укуктук жактан жардам көрсөтүү жөнүндө билдирүүгө компетенттүү органдын тиешелүү жетекчисинин колу коюлуп, суроо – талап жиберген юстиция мекемесинин гербдүү мөөрү менен ырасталууга тийиш.

8-статья

Аткаруу тартиби

1. Укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө билдирүүнү аткарууда аны алган юстиция мекемеси өз мамлекетинин мыйзамдарын колдонот. Бирок билдирүү жиберген мекеменин отунуу боюнча ал эгерде өзүнүн мамлекетинин мыйзамдарына карама – каршы

келбесе, билдирүү келген Макулдашуучу Тараптардын процессуалдык нормаларын колдонушу мүмкүн.

2. Эгерде билдирүүнү алган юстиция мекемеси аны аткарууга компетенттүү эмес болсо, ал билдирүүнү компетенттүү юстиция мекемелерине жиберет жана бул тууралуу билдирүү келген мекемеге кабарлайт.

3. Билдирүү жиберилген юстиция мекемеси билдирүүнү аткаргандан кийин документтерди жиберет, эгерде укуктук жардам көрсөтө албаса аны жиберген мекемеге билдирүүнү кайтарып берет жана аны аткарууга тоскоолдук кылган кырдаалдар тууралуу кабарлайт.

9-статья

Документтерди тапшыруунун тартиби

1. Суроо-талап жиберүүчү мекеме документтер анын өзүнүн тилинде түзүлсө же күбөлөндүрүлгөн котормо менен камсыздалса ошол мамлекетте колдонулуучу эрежелерге ылайык тапшырат. Эгерде документтер суроо-талап жиберүүчү Макулдашуучу Тараптын тилинде түзүлбөсө же котормо менен камсыз болбосо, алар билдирүүнү алуучунун ыктыярдуу макулдугу менен гана тапшырылат. 2. Тапшыруу тууралуу өтүнүчтө аны алуучунун так дареги жана тапшыруучу документтин аталышы көрсөтүлүүгө тийиш. Эгерде көрсөтүлгөн тапшыруу жөнүндө өтүнүчтө дареги толук же так эмес болсо, суроо-талап жиберүүчү мекеме өзүнүн мыйзамдарына ылайык так даректи аныктоо боюнча чараларды көрөт.

3. Документтерди тапшырууну ырастоо суроо-талап жиберүүчү Макулдашуучу Тараптардын аймактарында колдонулган эрежелерге ылайык толтурулат. Ырастоодо документти тапшырган убагы жана орду, ошондой эле аны тапшырган адам көрсөтүлүүгө тийиш.

10-статья

Дипломатиялык өкүлчүлүк же консульдук мекеме аркылуу документтерди тапшыруу жана граждандарды сурака алуу

Макулдашуучу Тараптар өзүлөрүнүн дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консульдук мекемелери аркылуу документтерди тапшырууга жана өзүлөрүнүн граждандарын суракка алууга

укуктуу. Мында мажбурлоо мүнөзүндөгү чаралар колдонулбаш керек.

11-статья

Күбөнү же экспертти чет өлкөгө чакыруу

1. Эгерде Макулдашуучу бир Тараптын аймагында баштапкы тергөөнүн же соттук кароонун жүрүшүндө Макулдашуучу экинчи Тараптын аймагында жүргөн күбөнүн же эксперттин жекече катышуу зарылдыгы келип чыкса, ошол Тараптын тиешелүү органына чакырууну тапшыруу жөнүндө билдирүү менен кайрылат. Чакыруу жөнүндө повесткада ал адам кандай маселе боюнча чакырылып жаткандыгы көрсөтүлүүгө тийиш.

2. Чакыруу чакырылган адам катышпай калган учурда санкцияны камтый албайт.

3. Макулдашуучу экинчи Тараптын тиешелүү органына чакыруу боюнча граждандуулугуна карабастан ыктыярдуу түрдө келген күбө же эксперт ошол Тараптын аймагында эксперт катарында берген көрсөтмөлөрүнө же болбосо териштирүүнүн предмети болуп саналган иштерине же корутундуларына байланыштуу кылмыш жоопкерчилигине тартылууга, кайтарууга алынууга же жазага дуушар болууга тийиш эмес.

4. Эгерде күбө же эксперт анын катышуучусу зарыл болуп саналбай тургандыгы жөнүндө кабар алган учурдан тартып он беш күндүн ичинде суроо талап кылган Макулдашуучу Тараптын аймагынан чыгып кетпесе алар мындай артыкчылыктардан пайдаланышпайт. Бул мөөнөткө күбө же эксперт өзүнө байланышпаган кырдаалдар боюнча суроо-талап кылган Макулдашуучу Тараптын аймагынан чыгып кете албаган мезгил кирбейт.

5. Макулдашуучу экинчи Тараптын аймагында болгон күбөлөр жана эксперттер чет өлкөгө барышына жана анда болушуна байланыштуу чыгымдарын, ошондой эле эксперттик жумушунан тышкары болгон күндөр үчүн алынбай калган эмгек акысынын ордун аларды чакырган органдардан толтуртуп алууга укуктуу, мындан тышкары экспертиза жүргүзгөндүгү үчүн сыйлык алууга укуктуу. Чакырууда суроо-талап келген Макулдашуучу Тараптын ходатайствосу боюнча чакырылган адам төлөмдөрдүн кандай түрлөрүнө укугу бар экендиги, тиешелүү чыгымдарын жабууга аванс төлөнө тургандыгы көрсөтүлүүгө тийиш.

12-статья
Документтердин колдонулушу

1. Макулдашкан бир Тараптын аймагында сот же башка расмий адам (туруктуу котормочу, эксперт ж.б.) тарабынан өз компетенциясынын чегинде аныкталган тартипте түзүлгөн же ырасталган жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн документтер Макулдашкан башка Тараптын аймагында кандайдыр-бир башкача күбөлөндүрүүсүз кабыл алынат.
2. Макулдашкан бир Тараптын аймагында расмий каралган документтер Макулдашкан башка Тараптын аймагында да расмий документтердин далилдик күчүнө ээ болушат.

13-статья. Укуктук жардам көрсөтүү боюнча чыгымдар

1. Макулдашкан Тараптардын ар бири өз аймагындагы укуктук жардам көрсөтүүгө байланыштуу кеткен чыгымдарды тартат.
2. Суроо-талап алган мекеме суроо-талап жиберген мекемеге кеткен чыгымдардын өлчөмдөрү жөнүндө билдирет. Эгер суроо-талап жиберген мекеме ал чыгымдарды аны төлөөгө милдеттүү адамдан өндүрүп алса, анда ал сумма ошол чыгымдарды өндүргөн Макулдашуучу Тарапка түшөт.

14-статья
Маалымат берүү

Макулдашуучу Тараптардын борбордук органдары бири-бирине өтүнүч боюнча өз мамлекеттеринде колдонулуп жаткан мыйзамдар жана юстиция органдарынын аны колдонуусунун маселелери жөнүндө маалымат беришет.

15-статья
Буюмдарды жана акча суммаларын өткөрүп берүү

Эгер бул Келишимди аткарууда Макулдашкан бир Тараптын аймагынан Макулдашкан экинчи Тараптын аймагына, ошондой эле Макулдашкан башка Тараптын дипломатиялык өкүлчүлүгүнө же консулдук мекемесине буюмдар же акча суммалары өткөрүп берилсе, анда бул иш мекемеси өткөрүп берип жаткан Макулдашуучу Тараптын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Үчүнчү жактардын суроо-талап жиберген Макулдашуучу Тарапка өткөрүп берилген буюмдарга укугу күчүндө калат. Иш боюнча өндүрүш аяктагандан кийин ал буюмдар аларды өткөрүп берген Макулдашуучу Тарапка кайра берилет.

16-статья
Даректерди жана башка маалыматтарды аныктоо

Макулдашуучу Тараптардын юстиция органдары өтүнүч боюнча, укуктук жардам көрсөтүүнүн чектеринде бири-бирине өз аймагында жашаган адамдардын даректерин аныктоо боюнча жардам көрсөтүшөт.

17-статья
Укуктук жардам көрсөтүүдөн баш тартуу

Эгер укуктук жардам көрсөтүү суроо-талап алган Макулдашуучу Тараптын эгемендигине же коопсуздугуна зыян келтиргидей болсо же мыйзамдарынын негизги принциптерине карама-каршы келсе, анда укуктук жардам көрсөтүлбөйт.

ЭКИНЧИ БӨЛҮК

АТАЙЫН ЖОБОЛОР

18-статья
Кылмыштык куугунтуктоону козгоо милдети

1. Макулдашуучу Тараптардын ар бири Макулдашуучу экинчи Тараптын өтүнүчү боюнча өзүнүн мыйзамдарына ылайык Макулдашуучу башка Тараптын аймагында кылмыш жасады деп шек туулган өз граждандарына каршы кылмыштык куугунтуктоону козгойт.
2. Жабыр тарткан адамдын Макулдашуучу бир Тараптын мыйзамдарына ылайык анын компетенттүү органдарына кылмыштык куугунтуктоого алуу жөнүндө тийиштүү убактысында берген арызы Макулдашуучу башка Тараптын аймагында да жаракту болот.
3. Кылмыштык куугунтуктоону козгоо жөнүндө суроо-талапты монгол тараптан Монголиянын Башкы прокурору, ал эми кыргыз тараптан Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору жиберет.
4. Мындай талап келип түшкөн Макулдашуучу Тарап Макулдашкан башка Тарапка кылмыштык куугунтуктоонун натыйжалары жөнүндө билдирет, ал эми эгер өкүм чыгарылып жана күчүнө кирген болсо өкүмдүн көчүрмөсүн жиберет.

19-статья
Кылмыштык куугунтуктоону козгоо жөнүндө өтүнүч

1. Кылмыштык куугунтуктоону козгоо жөнүндө өтүнүч жазуу жүзүндө толтурулат жана төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) суроо-талап жиберген мекеменин аты;
2) кылмыштык куугунтуктоону козгоо жөнүндө өтүнүчтүн жиберилишине себеп болгон иштин баяндамасы;
3) иштин жасалган убактысынын жана ордунун болушунча толугураак көрсөтүлүшү;
4) суроо-талап жиберген Тараптын иштин кылмыш деп эсептелишине негиз болгон мыйзамынын тексти;
5) шек саналган адамдын фамилиясы жана аты, анын граждандыгы, жашаган же турган жери жана анын ким экендиги жөнүндө маалыматтар, ошондой эле

мүмкүн болсо анын кебстесинини сүрөттөмөсү, фото сүрөтү жана манжасынын издери;

6) жабыр тарткан адамдын кылмыштык иш боюнча, жана эгер болсо – материалдык зыянды төлөп берүү тууралуу арызы;

7) келтирилген материалдык зыяндын өлчөмү жөнүндө болгон маалыматтар.

Суроо-талапка суроо-талап жиберген Макулдашуучу Тараптын колундагы баштапкы тергөөнүн материалдары жана далилдер тиркелет. Кылмыштын куралы болгон, же андай кылмыштын натыйжасында кылмышкерге тийген буюмдарды өткөрүп берүүдө 15-статьянын 2-бөлүгүнүн жоболорун эске алуу керек.

2. Эгер адам 18-статьянын 1-пунктуна ылайык кылмыштык куугунтуктоону козгоо жөнүндө суроо-талап жиберилген учурда андай куугунтуктоону козгоо тууралуу суроо-талап жиберип жаткан Макулдашуучу Тараптын аймагында камакта болсо, ал Макулдашуучу башка Тараптын аймагына жеткирет. Макулдашуучу башка Тараптын аймагында кайтарыкта ттурган адамды этап боюнча жөнөтүү иштин тергелишине көзөмөл жүргүзүүчү кызмат адамы тарабынан санкцияланат.

Суроо-талап келген Макулдашуучу Тарап суроо-талап жиберген Макулдашуучу Тарапка иш боюнча акыркы чечим жөнүндө билдирүүгө тийиш. Суроо-талап жиберген Макулдашуучу Тараптын өтүнүчү боюнча ал чечимдин көчүрмөсү жиберилүүгө тийиш.

20-статья
Кылмыштык куугунтуктоонун натыйжалары жөнүндө кабарлоо

Суроо-талап алган Макулдашуучу Тарап суроо-талап жиберген Макулдашуучу Тарапка иш боюнча акыркы чечим тууралуу кабарлоого тийиш. Суроо-талап жиберген Макулдашуучу Тараптын өтүнүчү боюнча ал чечимдин көчүрмөсү жиберилүүгө тийиш.

21-статья
Кылмыштык куугунтуктоону козгоонун натыйжалары

Кылмыштык куугунтуктоо жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин эгер суроо-талап жиберип жаткан Макулдашуучу Тарап кылмыштык куугунтуктоо жүргүзүү тууралуу өтүнүчтө суроо-талап алган Макулдашуучу Тарап кылмыш ишин козгоодон баш тарткандык же токтоткондук жөнүндө билдирүү жиберген учурда кылмыштык куугунтуктоону кайра баштаары тууралуу эскертпеген болсо, суроо-талап жиберген Макулдашуучу Тараптын компетенттүү органдары ошол эле адамга карата тергөө өндүрүшүн жүргүзө албайт.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮК
КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР
22-статья

1. Бул Келишим Макулдашуучу Тараптардын башка эл аралык келишимдер боюнча укуктары менен милдеттенмелерине тиешесиз болот.

2. Бул Келишимдин жоболорун чечмелөө же колдонуу боюнча пайда болгон кайчы пикирлер өз ара консультация жолу менен чечилет.

3. Бул Келишим ратификацияланууга тийиш жана ратификациялык грамоталарды алмашкан күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Бул Келишим беш жылдык мөөнөткө түзүлдү. Эгер Макулдашуучу Тараптардын эч бири Макулдашуучу башка Тарапка бул мөөнөт бүтөөрдөн алты ай мурда анын күчүн токтотуу жөнүндө ниетин жазуу жүзүндө билдирбесе, бул Келишимдин күчү кийинки беш жылга ар жолу өзүнөн-өзү узартыла берет.

Бишкек шаарында 1999-жылдын "4" декабрында ар бири монгол, кыргыз жана орус тилдериндеги эки нускада түзүлдү жана бардык тексттер бирдей күчкө ээ.

Бул Келишимди чечмелөөдө ар башкача пикирлер болгон учурда Тараптар орус тилиндеги текстке таянышат.

Монголия үчүн

Кыргыз Республикасы үчүн